2019-жылдын 28-августунда өткөн № 1-педагогикалык кеңешменин иш жазуусу.

Катышканы-18
Катышпаганы –

Педагогикалык кеңешмени мектеп директору К. Белеков ачып, карала турган күн тартибин белгиледи.

**Күн тартибинде:**

1. Мектептин миссиясын кабыл алуу жана мектепти 2019-2024-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиялык планын бекитүү жөнүндө
   *(**Мектептин миссиясы:** Мугалимдердин педагогикалык потенциалын өнүктүрүү жана ата-эне – мектеп – окуучу байланышын бекемдөө менен ар тараптан өнүккөн, коомдо өз ордун таба билген инсанды тарбиялоо)*

**Угулду:**

Күн тартибинде каралып жаткан маселе боюнча мектеп директору К.Белеков мектептин миссиясы жана мектепти 2019-2024-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиялык планы жана жөнүндө учкай токтолду. Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин миссиясы жана өнүктүрүү стратегиялык планы 2019-2024-жылдарга чейин төмөнкүлөрдү аныктайт:

- ✓ Мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарында окуу программаларын толук өздөштүрүү, сапаттуу билим берүү, педтехнологияларды жаңылоо;
- ✓ Мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга, чеберчилигин өздөштүрүүгө шарт түзүү;
- ✓ Ийгиликтүү социалдашуу максатында жарандык маданиятты, толеранттуулукту, өз укуктарын, коммуникативдик компетенттүүлүгүн, маек кура билүүнү билүүгө, өз алдынча болууга тарбиялоо.

**<u>Мектептин миссиясы:</u>**

***Мугалимдердин педагогикалык потенциалын өнүктүрүү жана ата-эне – мектеп – окуучу байланышын бекемдөө менен ар тараптан өнүккөн, коомдо өз ордун таба билген инсанды тарбиялоо.***

Мектеп окуучусунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде алууну камсыз кылат жана мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүгө шарт түзөт. Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт жана ата-энелер менен тыгыз иштөө байланышын түзөт.

**<u>Максаттары:</u>**

1. Мектептин ишин жакшыртуу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо
2. Мугалимдердин билимин өркүндөтүү жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү менен заман талабына ылайык педагогикалык ишмердүүлүгүн өстүрүү.
3. Окуучулардын билим сапатынын сапаттуулугун көтөрүү, ишмердүүлүгүн мотивациялоо, ар тараптан өнүктүрүү жана аларга дем берүү.

4. Коомдук көндүмдөргө жана жакшы билимге ээ, көз каранды эмес инсанды тарбиялоодо ата-энелерди, коомчулукту мектепке тартуу менен бала тарбиялоодо ата-энелерге педагогикалык жардам көрсөтүү.

**Милдеттери:**

- Окуу пландарын, программаларын окутууда жаңы технологияларды жана ыкмаларды колдонуу;
- Мамлекеттик жаңы билим берүү стандарттарынын максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу;
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды уюштуруу;
- Мугалимдерге окутуунун усулдук ыкмалары, балдарды тарбиялоого карата семинар-тренингдерди өткөрүү;
- Мугалимдерге жаңы технологияларды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү;
- Окуучулардын билим сапатынын көтөрүү максатында иш алып баруу;
- Окуучуларды үй-бүлө жана коомчулук менен тыгыз жана тең укуктуу кызматташтыкта тарбиялоону камсыз кылуу;
- Окуучуга билим алууга, күтүлбөгөн кырдаалдарда багыт алууга жана маалыматка талдоо жүргүзүүнүн коммуникациялык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө компотенттүүлүктү киргизүү;
- Окуучулардын, кызматкерлердин өмүрүнүн коопсуздугу, техникалык коопсуздук, ден-соолуктарын коргоо жана колдоо;
- Окуучулардын сабактан тышкаркы убактарда убактыларын мазмундуу уюштуруу, алдын алуу иштерин жүргүзүү
- Ата-энелердин жардамы, коомчулук менен класс кабинеттерди жабдылоо;
- Камкорчулар кеңешин түзүү;
- Ата-энелерди мектепке тартуу максатында алгылыктуу иштерди алып баруу;
- Окуу процессин окуучунун өз ишинин уюштурулушу жана натыйжасы үчүн өз алдынча болуусун жана жоопкерчилигин өнүктүрүү.
- Мектептин ишин жакшыртуу, демөөрчүлөрдү тартуу;
- Долбоорлор менен иштөө;
- Материалдык техникалык базаны чыңдоо;

2019-2024-жылдарга карата мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык планы төрт максат менен ишке ашырылат.
**1-стратегиялык максат:** мектептин ишин жакшыртуу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо
**2-стратегиялык максат:** мугалимдердин билимин өркүндөтүү жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү менен заман талабына ылайык педагогикалык ишмердүүлүгүн өстүрүү
**3-стратегиялык максат:** окуучулардын билим сапатынын сапаттуулугун көтөрүү, ишмердүүлүгүн мотивациялоо, ар тараптан өнүктүрүү жана аларга дем берүү
**4-стратегиялык максат:** коомдук көндүмдөргө жана жакшы билимге ээ, көз каранды эмес инсанды тарбиялоодо ата-энелерди, коомчулукту мектепке тартуу менен бала тарбиялоодо ата энелерге педагогикалык жадам көрсөтүү
***(төрт стратегиялык максат тиркелет***

Сүйлөндү:

Күн тартибиндеги каралып жаткан маселе боюнча төмөнкү мугалимдер өз ойлорун айтышты.

1. Исабаева Жамила-башталгыч класстар мугалими. Мен мектептин миссиясын жана мектепти 2019-2024-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиялык планын толук окуп, карап чыктым. Мага миссиянын азыркы кезде актуалдуу болуп жаткан ата-эне – мектеп – окуучу байланышын бекемдөө боюнча түзүлгөнү ошону менен бирге стратегиялык пландын максаты, түзүлүшү, ишмердүүлүк мазмуну жакты. Алымча, кошумчанын кереги жок себеби жогорудагы айтылган миссия менен өнүктүрүүнүн стратегиялык планы талкуула коюлган ошондо өз сунуштарыбызды бергенбиз. Кайрадан педагогикалык кеңешке оңдоп-түздөө менен алып келипсиздер. Негизинен баардык ишке план койгондо ишти алдыга алып жүрө ала тургандай пландоо абзел. Бул мектептин миссиясы жана стратегиялык планы мектептин ишин алдыга жылдырууну эң жогорку орунга койгон. Билим берүү мекемелери көп кырдуу тармак болуп эсептелет. Теориядан практикага өтүү, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү пландаштырылган. Тагыраак айтканда биздин пландалган иштерибиз практика жүзүндө ишке ашуусу биринчи орунда турат. Мектептин миссиясын кабыл алып, өнүктүрүүнүн стратегиялык планын беките берсек деген ойдомун.

2. Макишова Сайкал-орус тили жана адабияты сабагынын мугалими. Мен дагы мектептин миссиясын жана стратегиялык планын карап чыктым, алымча кошумчанын кереги жок. Жогорудагы кесиптешимдин айтканына кошулам талкууга коюлганда өз ойлорубузду билдиргенбиз. Миссия азыркы замандын талабына ылайык тандалып алынган ал эми өнүктүрүүнүн стратегиялык планы туура түзүлгөн деген ойдомун. Балдарды тарбиялоодо жана балдардын жакшы билимге ээ болуусуна бир гана мугалимдер эле эмес ушул эле ата-энелер демөөрчүлүк кылып жана балдарга ар кандай шарт түзүүбүзгө жардам беришсе мындан дагы көптөгөн иштерди алып бара алабыз деген ойдомун. Ушул педагогикалык кеңешменин чечими менен мектептин миссиясын кабыл алып, стратегиялык планды беките берсек деген ойдомун.

3. Табылды кызы Анаркүл-англис тили сабагынын мугалими. Саламатсыздарбы жалпы кесиптештер. Мектептин стратегиялык планы туура түзүлгөн. Мен дагы эжелердин оюна толук кошулам. Заманбап билим берүү системасынын жардамы менен ар кандай ыкмаларды колдонуп, изденүүчүлүк менен иштеп, мектепте окуган жаш муундарды аң сезимдүү, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү инсан катары тарбиялап өстүрүү.
Мектепте өз маданий баалуулуктарын сактаган, ар тараптуулукка умтулган, инсан катары калыптанган, дүйнөлүк илимге өз салымын кошо алган жаш муунду тарбиялоо үчүн биз ата-энелер менен тыгыз байланышта болсок, туура сапатуу билимге ээ кыла алабыз деп ойлойм. Мектектин миссиясын кабыл алып, 2019-2024-жылдар аралыгындагы мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык планы ушул өтүп жаткан № 1-педагогикалык кеңешменин чечими менен беките берсек деген ойдомун.

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

Чечим кабыл алынды:

1.Мектептин миссиясы кабыл алынып, 2019-2024-жылдарга карата түзүлгөн мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык планы бекитилсин.

2. Мектептин миссиясы жана 2019-2024-жылдарга карата мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык планы төрт максат менен ишке ашырылсын.

3. Чечимдин аткарылышын көзөмдөөнү өзүмө калтырам.

Педагогикалык кеңешменин төрагасы: К. Белеков

Педагогикалык кеңешменин катчысы: Табылды кызы Анаркүл

*<u>1-стратегиялык максат</u>*:

Мектептин ишин жакшыртуу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо

| № | Көрсөткүчтөр | Ишмердүүлүктүн мазмуну | | | | | жоопту | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы | 2022-2023-окуу жылы | 2023-2024-окуу жылы | | |
| 1 | *Мектептин ишин уюштуруу* | Мектепти таза суу менен камсыз кылуу, ашканага ысык суу киргизүү | Ашкананын ички жабдылышын жаңыртуу, демөөрчүлөр менен иш алып баруу | Мектепти, окуу кабинеттерди жаңылоо боюнча демөөрчүлөрдү табуу | Аянтчаны жакшыртуу жана жашылдандыруу, эмерек, шкаф, окуу блокторун оңдоп түзөө | Жылуулукту камсыздоо үчүн жылыткыч каражаттар, жабдуулар, электр тогу, кабельдерди жаңыртуу | Админи-страция | |
| 2 | *Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу* | Ресурстарды аныктоо, материалдык-техникалык базаны эсепке алуу жана анализдөө | Окутуунун маалымат технологиялык каражаттары менен кошумча жабдуу | Окутуунун техникалык каражаттарын жаңылоо максатында башка тараптан демөөрчү, өнөктөш табуу | Сабактарда окутуунун технологиялык каражаттарын колдонууну уюштуруу | Окутуунун техникалык каражаттарын оңдоо жана техникалык тейлөө, анализ жүргүзүү | Админи-страция | |
| 3 | *Маалымат менен жабдуу* | Ишеним почтасы жана ишеним телефонунун иштеринин туруктуу көзөмөлүн жүргүзүү | Өрөөндүн калкын мектептин турмушу жана жетишкендиктери менен маалымдоо максатында стенддерди жана жергиликтүү радиого маалыматтарды даярдоо | Мектептин интернет сайтын ачуу | Учурдун талабына ылайык берилген көрсөтмөлөр менен иш алып баруу | Түзөтүүлөр жана жыйынтыктарды чыгаруу | Админи-страция | |

## 2-стратегиялык максат:

Мугалимдердин билимин өркүндөтүү жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү менен заман талабына ылайык педагогикалык ишмердүүлүгүн өстүрүү.

| № | Көрсөткүчтөр | Ишмердүүлүктүн мазмуну | | | | | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы | 2022-2023-окуу жылы | 2023-2024-окуу жылы | | |
| 1 | *Мугалимдердин кесиптик өсүүсүн колдоо* | Бардык билим берүү процессинин катышуучулары үчүн моралдык-психологиялык комфортту түзүү | РПКЖжКДИдан кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүүгө шарт түзүү | Мектептик жана мектептен тышкаркы семинар-тренингдерге катышууга, өткөрүүгө шарт түзүү жана уюштуруу | Окуутуунун инновациялык билим берүү технологиясын ишке ашырууда, өздөштүрүүдө мугалимдерге жардам берүү | Жыйынтыктарды чыгаруу | Администрация | |
| 2 | *Алдыңкы иш тажрыйбасын жалпылоо жана жайылтуу* | Иш тажрыйбасы мыкты мугалимдерди анализдөө жана тандоо | Кандайдыр бир теманын алкагында изилдөө жүргүзүү | Изилдөөнүн жыйынтыгынын негизинде жалпылоо жүргүзүү | Алдыңкы иш тажрыйбасын жайылтуу жана «ачык эшик» күндөрүн белгилөө | Мектептин иш тажрыйбасы менен кесиптик коомчулуктарда тааныштыруу | Администрация, мугалимдер | |
| 3 | *Мугалимдерге жаңы технологияларды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү* | Жаш адистердин окутуудагы жана тарбия берүүдөгү инновациялык технологияга ээ болуусуна усулдук жардам көрсөтүү | Мектеп ичинде жаңы технологияларды сабактарда колдонуу боюнча окуу үйрөтүмдөрдү уюштуруу | Ачык сабактарды, отурумдарды, семинарларды өткөрүү | Мугалимдердин иш тажрыйбасын ар түрдүү деңгээлде таанытуу жана байытуу | Сабакты заман талабына ылайык уюштуруусуна көзөмөл жүргүзүү | Администрация, усулдук бирикме жетекчилери | |

**<u>*3-стратегиялык максат*</u>:**

Окуучулардын билим сапатынын сапаттуулугун көтөрүү, ишмердүүлүгүн мотивациялоо, ар тараптан өнүктүрүү жана аларга дем берүү.

| № | Көрсөткүчтөр | Ишмердүүлүктүн мазмуну | | | | | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы | 2022-2023-окуу жылы | 2023-2024-окуу жылы | | |
| 1 | *Окуучулардын билим сапатынын сапаттуулугун көтөрүү* | Билим алуунун ишмердүүлүгүн уюштуруу | Окуучулардын билим сапатынын өнүгүүсүнө багытталган окуу каражаттарын жана жаңы технологияларды колдонуунун негизинде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу | Жөндөмдүү жана жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен тереңдетип иш алып баруу | Предметтер боюнча сабактан тышкаркы иш чараларды уюштуруу | Билим сапатынын мониторинги жана тажрыйба алмашуу | Админи-страция, класс жетекчилер, предметтик мугалимдер | |
| 2 | *Тарбия берүү ишмердүүлүгүн уюштуруу* | Окуучуларды ар тараптан өнүктүрүү максатында тарбия иштерине тартуу | Мектептин таанып билүү чыгармачыл турмушуна окуучулардын катышуусу | Чыгармачылыгы өзгөчөлөнгөн окуучуларды байкоо жана иш алып баруу, алардын ишмердүүлүгүн мотивациялоо | Тарбия берүү ишмердүүлүгүнө окуучуларды тартуу менен өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишин жакшыртуу | Кайрымдуулук акцияларын, чыгармачылык кечелерди, салтанаттуу тизимдерди, ар кандай тарбия жаатына басым жасалган иш-чараларды уюштуруу | Админи-страция, класс жетекчилер | |

## *4-стратегиялык максат:*

Коомдук көндүмдөргө жана жакшы билимге ээ, көз каранды эмес инсанды тарбиялоодо ата-энелерди, коомчулукту мектепке тартуу менен бала тарбиялоодо ата-энелерге педагогикалык жардам көрсөтүү.

| № | Көрсөткүчтөр | Ишмердүүлүктүн мазмуну | | | | | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы | 2022-2023-окуу жылы | 2023-2024-окуу жылы | | |
| 1 | *Коомдук көндүмдөр жана жакшы билимге ээ, көз каранды эмес инсанды тарбиялоодо ата-энелерди тартуу* | Балдарды тарбиялоодо жана балдардын жакшы билимге ээ болуусу үчүн мектеп менен тыгыз байланыш түзүүсүн камсыздоо | Ата-энелерди сабактарга катыштыруу менен жоопкерчилик-терин күчөтүү. | Бала тарбиялоодо ата-энелерге педагогикалык жардам көрсөтүү максатында «Энелер мектебин» уюштуруу | Ар бир класс боюнча «Энелер мектебин» ачуу менен тыгыз иш алып баруу | Ата-энелдердин жоопкерчилигин күчөтүү максатында мектепте жана мектептен тышкары ар кандай кечелерди уюштуруу, катыштыруу | Админи-страция, класс жетекчи-лер | |
| 2 | *Ата-энелерди, коомчулукту мектептин ишине аралаштыруу* | Ата-эне – мектеп – окуучу байланышын түзүү, камкорчулар кеңешин түзүү | Ата-энелерди мектепке тартуу, демөөрчүлөр менен иш алып баруу | Ата-энелер чогулуштарын өткөрүү | Ата-энелер комитети менен биргеликте ар кандай иштерди жүргүзүү | Мектептин турмушуна кайдыгер карабаган ата-энелерди белгилөө жана мектеп тарабынан сыйлоо | Админис трация, класс жетекчи-лер | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | *Адептүү жүрүш-турушту калыптандыруу* | Заманбап этикет ченемдерин уюштуруу | Мораль, этика жана баалуулуктар. Мамилелерди шайкеш келтирүү жана түрткү берип кызыктыруу | Чатактуу кырдаалдарда жүрүш-туруштун элементардуу көндүмдөрүнө ээ болуу, өз жүрүм-турумун тууралоо жана көйгөйдү зомбулуксуз чечүү ыкмаларын колдонуу | Башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбаган жүрүш-турушту көрсөтүү | Чыгармачылык иш-чараларды өткөрүү | Админи-страция, класс жетекчилер, предметтик мугалимдер | |